Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## «Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»

«Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 440 токтомуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. «Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторуна:

- 32.40 «Оюн жана оюнчуктарды өндүрүү» классынын тогузунчу абзацы «бильярд столдорду жана буюмдарды» сөздөрүнөн кийин «, казино үчүн атайын столдорду» сөздөрү менен толуктапсын, андан ары текст боюнча;

- 33.19 «Башка жабдууларды оңдоо» классынын онунчу абзацы «боулинг» сөзүнөн кийин «жана башка оюн автоматтары,» сөздөрү менен толуктапсын, андан ары текст боюнча;

- 50.10 «Жүргүнчүлөрдү ташуучу деңиз транспортунун ишмердиги» классы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толуктапсын:

«- сүзүүчү казинолордун ишмердиги (92.00.0);»;

- «Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу» R секциясынын экинчи абзацы «музейлерди пайдалануу» сөздөрүнөн кийин «оюн залдарын,» сөздөрү менен толуктапсын, андан ары текст боюнча;

Б.Ж. Кудайбергенов ____________

3 февраля 2023 жыл

- «Искусство жана маданий-массалык көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүү жаатындагы артисттик жана башка ишмердик» 90-бөлүмүнүн сегизинчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы редакцияда баяндалсын:
«-кумар оюндарын уюштуруу (92);»

- класстары жана кичи класстары бар 92-бөлүм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
«

| | | | |
|---|---|---|---|
| 92 | | | **Кумар оюндарын жана мелдештерди уюштуруу**<br>Бул бөлүмгө лотереяларды уюштуруу жана өткөрүү, лотерея билеттерин сатуу, ошондой эле кумар оюндары үчүн орнотмолорду пайдалануу, анын ичинде казино ишмердиги, бинго ишмердиги, видео оюн терминалдары жана ипподромдордо жана башка жерлерде мелдештерди уюштуруу кирет. |
| 92.0 | | | **Кумар оюндарын жана мелдештерди уюштуруу** |
| 92.00 | | | **Кумар оюндарын жана мелдештерди уюштуруу**<br>Бул класска төмөнкүлөр кирет:<br>- лотереяларды уюштуруу, өткөрүү жана лотерея билеттерин сатуу;<br>- казинолордун, анын ичинде «сүзүүчү» казинолордун ишмердиги;<br>- онлайн казино уюштуруу;<br>- букмекердик кеңсе ишмердиги;<br>- тотализатор<br>- оюн автоматтарын ишке киргизүү;<br>- виртуалдык оюндар үчүн Web-сайттар;<br>- мелдештерди уюштуруу, анын ичинде ипподромдордо уюштуруу;<br>- башка топтошууларга кирбеген башка кумар оюндарын уюштуруу. |
| | | 92.00.0 | **Лотереяларды уюштуруу жана өткөрүү, лотерея билеттерин сатуу** |

Б.Ж. Кудайбергенов ____________

3 февраль 2023 жыл

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 92.00.1 | Казино, анын ичинде «сүзүүчү» казинолордун ишмердиги |
| | | 92.00.2 | Оюн-зоок мекемелеринин -тотализаторлордун ишмердиги |
| | | 92.00.3 | Букмекердик кеңселердин ишмердиги |
| | | 92.00.4 | Оюн автоматтарын ишке киргизүү |
| | | 92.00.5 | Онлайн казино уюштуруу |
| | | 92.00.6 | Электрондук (виртуалдык) казино |
| | | 92.00.7 | Мелдештерди уюштуруу, анын ичинде ипподромдордо уюштуруу |
| | | 92.00.9 | Башка топтошууларга кирбеген башка кумар оюндарын уюштуруу |

»

- **«Спорттук ишмердик, эс алуу жана көңүл ачуу боюнча башка ишмердик»** 93-бөлүмү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсяын:

«- кумар оюндарын уюштуруу (92)»;

- **«Эс алуу жана көңүл ачуу боюнча башка ишмердик»** 93.29-классы төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

«- оюн автоматтарын ишке киргизүү »;

- **«Башка топтошууларга кирбеген башка жеке тейлөө»** 96.09-классы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«- тыйын салуунун жардамы менен иштеген оюн автоматтарын ишке киргизүү (92.00.4)»;

2. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-февралындагы №104 токтомунун 5-пункту күчүн жоготту деп табылсын;

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдеринин аткарылышын контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн;

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш жумуш күнү өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.У. Жапаров**

Б.Ж. Кудайбергенов ____________